DOI:10.26104/NNTIK.2022.24.96.077

*Ысакбаева З.Т., Токтомаметова Ж.А., Жантаев А.С.*

# XXI КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТТААНУУСУНДАГЫ ЧЕТ ЭЛДЕР АДАБИЯТЫ ЖАНА ЖУРНАЛИСТИКА БОЮНЧА НЕГИЗГИ ИЗИЛДӨӨЛӨР

*Ысакбаева З.Т., Токтомаметова Ж.А., Жантаев А.С.*

# ОСНОВНЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ ПО ЗАРУБЕЖНОЙ ЛИТЕРАТУРЕ И ЖУРНАЛИСТИКЕ В КЫРГЫЗСКОМ ЛИТЕРАТУРОВЕДЕНИИ XXI ВЕКА

*Z. Ysakbaeva, Zh. Toktometova, A. Zhantaev*

# BASIC RESEARCH ON FOREIGN LITERATURE AND JOURNALISM IN KYRGYZ LITERARY STUDIES OF THE XXI CENTURY

*УДК: 821:161:82.0 (575.2) (04)*

*Кыргыз адабияттаануу илиминин маанилүү салаалары чет элдер адабияты жана журналистика болуп саналат. Бул илимий изилдөө салаалары боюнча кыргыз окумуштуулары аткарган эмгектер абдан эле арбын. Ошентсе да, аталган салаалар боюнча изилдөөлөр XXI кылымда да жигердүү улантылып жатат. Мунун себебин чет элдер адабияты менен журналистикада иликтөөнүн объектисине айлантыла элек маселелердин көптүгү, аларга кошумча жаңы илимий проблемалар пайда болуп жаткандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Биз өз макалабызда адабияттаануу илиминин ушул салааларында XXI кылымда аткарылган негизги изилдөөлөргө, башкача айтканда докторлук диссертацияларга сереп жасоо максатын көздөдүк. Аталган тармактар боюнча баш-аягы төрт докторлук диссертация корголгон. Ал изилдөөлөрдү Б.Койчуев, А.Мауленов, Г.Соронкулов жана В.Сабирова аткарышкан. Буларда чет элдер адабияты менен журналистиканын абдан маанилүү проблемалары иликтөөгө алынган.*

***Негизги сөздөр:*** *адабияттаануу, докторлук диссертация, журналистика, иликтөөнүн объектиси, илимий изилдөө, илимий проблема, кыргыз окумуштуулары.*

*Важными направлениями кыргызской литературоведческой науки являются зарубежная литература и журналистика. По этим научно-исследовательским направлениям кыргызские ученые выполнили очень много трудов. Тем не менее, исследования по названным отраслям также активно продолжаются и в XXI веке. Причина этого объясняется тем, что в зарубежной литературе и журналистике существуют множество проблем, которые еще не стали объектом изучения, а также возникают новые научные проблемы. В нашей статье мы намеревались сделать обзор основным исследованиям, то есть докторским диссертациям, выполненным по этим отраслям науки о литературе. Всего по данным отраслям защищено четыре докторских диссертаций. Эти исследования проводили Б.Койчуев, А.Мауленов, Г.Соронкулов и В.Сабирова. В них изучаются очень важные проблемы зарубежной литературы и журналистики.*

***Ключевые слова:*** *литература, докторская диссертация, журналистика, объект исследования, научное исследование, научная проблема, кыргызские ученые.*

*Important directions of the Kyrgyz literary science are foreign literature and journalism. Kyrgyz scientists have done a lot of work in these research areas. Nevertheless, research on these industries is also actively continuing in the XXI century. The reason for this is explained by the fact that in foreign literature and journalism there are many problems that have not yet become the object of study, as well as new scientific problems arise. In our article, we intended to review the main research, that is, doctoral dissertations, carried out in these branches of the science of literature. In total, four doctoral dissertations have been defended in these branches. These studies were conducted by B. Koichuev, A. Maulenov, G. Soronkulov and V. Sabirova. They study very important problems of foreign literature and journalism.*

***Key words:*** *literature, doctoral dissertation, journalism, object of research, scientific research, scientific problem, kyrgyz scientists.*

XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануу илиминин өнүгүүсүнө серепжасасак, 2001-жылдан азыркы учурга чейин аткарылган кандидаттык жана докторлук диссертациялардын саны абдан мол. Жалаң докторлук диссертацияларды эле санай келсек отуздан ашууну корголгон. Адабияттаануу илиминин тармактары боюнча карасак, кыргызстандык изилдөөчүлөр негизинен фольклористика, акындар чыгармачылыгы, кыргыз адабияты, чет элдер адабияты жана журналистика жаатында илимий эмгектерди жаратышканын көрө алабыз. Ушунун өзү бизге XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануу илиминин өнүгүү тенденциялары ар түрдүү болгонун, өнүгүү багыттары жетишерлик ар тараптуу экендигин күбөлөндүрөт. Анда кыргыз адабияттаануу илиминдеги чет элдер адабияты жана журналистика салааларынын негизги изилдөөлөрү турасында сөз кылалы.

Жаңы кылымдын башындагы кыргыз адабияттаануу илиминде чет элдер адабияты салаасы боюнча аткарылган изилдөөлөр дагы бар. Бул багытта бардыгы болуп 3 илимий-теориялык изилдөө жүргүзүлүп, алар докторлук диссертация түрүндө корголгон.

Аларды атап берсек, Алмасбек Мауленов Фольклор жана түрк тилдүү элдердин адабиятындагы мифологиялык парадигма (казак жана кыргыз адабиятларынын мисалында) (2015-ж.), Бактияр Койчуев Борборазиялык адабият көп улуттуу контекст катары: орус дискурсунун тарыхы (2015-ж.), Гүлжигит Соронкулов

А.С. Пушкиндин көркөм аксиологиясындагы чыгыш жана батыш цивилизацияларынын кесилишүү көйгөйү (2020-ж.) деген темадагы докторлук диссертацияларын аткарып коргошкон. Биринчиси – кыргыз адабияты, чет элдер адабияты (казак адабияты) адистиктери боюнча, экинчиси – кыргыз адабияты, чет элдер адабияты (орус адабияты) адистиктери боюнча, үчүнчүсү – чет элдер адабияты (орус адабияты) адистиги боюнча аткарылган.

А.А. Мауленовдун докторлук эмгегинде түрк тилдүү элдердин адабияттарындагы мифологиялык парадигмалардын генезисин казак жана кыргыз көркөм прозасынын чеберлеринин чыгармаларынын мифопоэтикасынын өзгөчөлүктөрүн талдоо жана илимий чечмелөө жолу менен айкындоо максаты көздөлөт. Эмгекте түрк тилдүү адабияттардын өнүгүү тарыхындагы мифологиялык парадигманы адабияттаануу менен фольклористиканын азыркы жетишкендиктеринин контекстинде тутумдуу изилдөөнүн алгачкы тажрыйбасы жүзөгө ашырылат. Байыркы түрк адабиятынын, шумер цивилизациясы доорунун жана көк түрктөр доорунун адабиятынын сюжеттери менен мотивдери, жалпы түрк мифтеринин эволюциясын жана траснформациясын айкындоо максатында тарыхыйтипологиялык өнүттө каралат. Дастандар-жылнаамалардын жана тарыхый чыгармалардын улуттук версиялары менен варианттарын салыштырма-типологиялык иликтөө түрк тилдүү баяндоочу прозанын калыптануу процессин түшүнүүгө, алардагы мифологиялык элементтердин көбүрөөк мүнөздүү белгилерин айкындоого жол берет [2].

Б.Т. Койчуевдин илимий изилдөөсүндө борборазиялык адабияттын орус дискурсунун тарыхын кыргыз жана орус адабияттарынын тарыхый өз ара карым-катнаштагы эволюциялык процесстеринин материалында салыштырма-тарыхый жана теориялык аңдаштыруу, илимий тааныштыруу жана тутумдуу мүнөздөө максаты астыга коюлат. Натыйжада улуттук адабияттаанууда алгач жолу борборазиялык адабияттын орус дискурсу дүйнөлүк адабий процесстин стадиялуу өнүгүүсүнүн кайсы бир жергиликтүү жыйынтыгы катары каралат, байыркы түрк жана байыркы япон адабияттарынын көрүнүштөрүнө салыштырма-типологиялык талдоо жүргүзүлөт, орусиялык жана борборазиялык маданияттардын диалогу (Лермонтовдун поэзиясы менен Есениндин лирикасынын материалында) менен Ч.Айтматовдун чыгармачылык тажрыйбасында стадиялык катмарлардын көрүнүүсү талданат, азыркы адабий процесстин өзүнчөлүгү адабият аралык синтез жана маданияттардын диалогу көз карашынан, байыркыдан учурга чейин өсүп отурган интенсивдүүлүгүндө айкындалат, Кыргызстандын адабиятындагы жаңы адабий доордун мазмундук бөлүгү катары орус тилиндеги адабияттын өнүгүүсүнө серөп жасалат [1].

Г.У. Соронкуловдун илимий эмгегинде заманбап жана эски батыш-европалык маданияттын корифейлеринин Чыгыш-Батыш проблематикасын поэтикалык өздөштүрүүдө кандай өнүккөндүгүн, алардан кескин айырмаланып, Пушкин өзүнүн чыгармачылык изденүүлөрүндө адамзаттык цивилизациянын эки аймагынын – Чыгыштын жана Батыштын баалуулуктарын сезип, тапкандыгын далилдөө максаты астыга коюлат. Натыйжада диссертацияда Пушкинтаанууда буга чейин изилдөөчүлөр тарабынан иликтенбеген Руслан и Людмила поэмасындагы көрүнбөгөн тюркизмдер аныкталып, талданат, Стамбул гяуры нынче славят... деген табышмактуу ыры жана Олегов щит ырындагы ачык эмес төрт сапты түшүнүү варианттары көрсөтүлөт, Из Гафиза ырынын башаты Хафиздин лирикаларынын интерпретациясы эмес экендиги, перс-түрк тилдүү классикалык адабияттын, биринчи кезекте, А. Навоинин Фархад жана Ширин поэмасынын өтмө сюжети экендигинин далилдери берилет, Всё тихо – на Кавказ идёт ночная мгла... деген ырынын тексти гипотетикалык реконструкция боюнча өз алдынча чыгарма экендиги аныкталат, Пушкин иштеп чыккан батыш-чыгыш синтезинин алкагында жаңы көркөм системаны принципиалдуу аныктоо үчүн эвристикалык реализм жаңы терминин илимге киргизүү сунуш кылынат [4].

Ошентип, XXI кылымдын алгачкы он жылдыктарында кыргыз адабияттаануу илиминде чет элдер адабияты салаасы менен байланыштуу маанилүү докторлук изилдөөлөр аткарылды. Аларда айкындалган проблемалар, жасалган тыянактар бул жаатта алдыга жылыш болгондугун күбөлөндүрүп турушат.

Журналистика салаасындагы изилдөөлөргө келсек, төмөнкүнү айта алабыз. Жаңы кылымдын башындагы кыргыз адабияттаануу илиминде журналистика салаасында аткарылган изилдөөлөр дээрлик жокко эсе. Болгону бир гана эмгек ушул нукта аткарылып, ал дагы чет өлкөдө, Тажикстан Республикасынын Душанбе шаарында корголгон.

Аны атасак, Венера Сабирова Кыргызстандын жалпы социалдык-маданий контекстинин бир бөлүгү катары чет өлкөлүк кыргыздардын публицистикалык адабиятынын спецификасы (дискурстук-концепциялык талдоо) (2016-ж.) деген темадагы докторлук диссертациясын аткарып, аны чет өлкөдө жактаган.

В.К. Сабированын докторлук эмгегинде өлкөнүн жалпы социалдык-маданий контекстинин бир бөлүгү катары чет өлкөлүк кыргыздардын публицистикалык адабиятынын спецификасын изилдөө, чет өлкөлүк кыргыздардын публицистикасына жана социалдыкбагытталган поэзиясына серөп жасоо максаты көздөлгөн. Изилдөөдө кыргыз диаспорасынын публицистикалык адабияты кичи мекенди идеалдуу үйдүн элеси

катары дискурстук кабыл алуу, көркөм сөз өнөрүнүн концепцияларынын баалуулуктук маанисине ынануу, публицистикада жана поэзияда улуттук салттарды туруктуу өнүктүрүү аркылуу улуттук бирдейлигин сактап келатканы көрсөтүлгөн. Биринчиден, диаспоранын жана метрополиянын социалдык-маданий процесстеринин айырмасы ачылып, автордун маалыматтык мейкиндиктеги идентификация дискурсу айкындалып, фольклордук чыгармалардагы публицистикалык мотивдердин башаттары аныкталып, акындардын оозеки-поэтикалык чыгармачылыгындагы социалдык публицистика белгиленген. Экинчиден, кыргыздардын Россиянын ЖМКдагы публикацияларынын идеялык өзүнчөлүгү бааланып, Тажикстандагы кыргыздардын публицистикалык дүйнөсү изилденип, тарыхый жана ээ болунган мекендердин элестеринин маданий дихотомиясы айкындалып, медиада улуттук мүнөздү, этностун менталитетин чагылдыруу ачылган. Үчүнчүдөн, метрополиянын публицисттеринин диаспоранын чыгармачылыгындагы салттары көрсөтүлүп, Кытай кыргыздарынын поэзиясынын социалдык-публицистикалык пафосу негизделип, Д.Деркембаевдин (ГФР) веб-чыгармачылыгынын баалуулуктук императивдери ажыратылып, А.Алаевдин (Канада) очерки стилистикасындагы сапар жазууларынын бөтөнчөлүгү аныкталган [3].

Аталган эмгек XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануу илиминин журналистика салаасындагы бирден-бир докторлук иш экендиги менен да, мазмунунда социалдык-экономикалык жагдайлардан улам четке чыгып кеткен кыргыздардын публицистикалык чыгармачылыгын ачып көрсөткөнү менен да өзгөчөлөнүп турат.

Чет элдер адабияты жана журналистика тармактары боюнча аткарылган изилдөөлөр дагы XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануусунун чектерин кеңейтүүгө кызмат өтөштү. Бул эмгектердин баалуулугу мына ушунусу менен аныкталат.

**Адабияттар:**


1. Койчуев Б.Т. Центральноазиатская литература как многонациональный контекст: история русского дискурса: автореф. дисс. …док. фил. н.: 10.01.01, 10.01.03. - Бишкек, 2015. - 44 с.
2. Мауленов А.А. Фольклор и мифологическая парадигма в литературе тюркоязычных народов (на примере казахской и кыргызской литератур): автореф. дисс. … док.фил.н.: 10.01.03. - Бишкек: Сарыбаев Т. Т., 2015. - 46. - С. 20.
3. Сабирова В.К. Специфика публицистической литературы кыргызского зарубежья как части общего социально-культурного контекста Кыргызстана (дискурсивно-концептуальный анализ): автореф. дисс. …док. фил. н.: 10.01.10. - Душанбе: Издательство РТСУ, 2016. - 51 с.
4. Соронкулов Г.У. Проблема встречи цивилизаций Запада и Востока в художественной аксиологии А.С. Пушкина: автореф. дисс. …док.фил.н.: 10.01.03. - Бишкек, 2020. - 44 с.